Педагогикалыккеңештин
"30" 09 2020 ж №5
токтомунун негизинде
кабыл алынды

" Бекитемин"
Мектеп директору :
Чотуралиев И.А.

## Ийри-Суу негизги мектебинин стимфондду бөлүштүрүү тартиби жөнүндө жобо.

1.1. Мектептин билим берүү тутумунда 2011- жылдын 1- майынан баштап эмгек акынын жалпы көлөмүнөн 10 % өлчөмдөгү жумуштун сапаты жана аткарандагы үчүн педагогикалык административдик жана техникалык персоналдарга төлөмдөрдү стимулдаштыруу үчүн каражат бюджеттен төлөнөт.

1.2 Кызматкерлерди материалдык стимулдаштыруу квартал сайын жүргүзүлүп турат.

1.3 Кызматкерлер ооруп же башка бир себептерге байланыштуу жумушка чыкпай калган күндөрү үчүн стимулдаштыруу каражаты төлөнбөйт.

1.4 Мугалимдин жеке ишмердүүлүгү жалпы мектептин ишине коюлган критерийлердин негизинде объективдүү баалоо үчүн бирдик үлүштөрүндө белгиленет.

1.5 Мугалимдин ишин баалоо критерийлери болуп төмөнкү индикаторлор саналат: - кесиптик чеберчилик деңгээли, окуу тарбия иштерин уюштура билүүсү, окуучулардын жетишкендиктерине билим берүү жана билим берүүнү, балоону уюштуруу .

- кесиптик деңгээлин жогорулатуу , мектеп ичиндеги бирдиктүү талаптарды жана жеке тартипти сактоо.

- эмгекке жарамсыздык баракчасы жок иштөө.

1.6 Мектептин ишинин акыркы натыйжаларына административдик, чарбалык жана билим берүү кызматкерлеринин жеке салымынын түрүнүн критерийлери болуп төмөнкүлөр саналат:

- иштеген сааттары , эмгек баракчаларынын жоктугу
- имаратта санитардык талаптардын сакталышы
- аткарылган жумуштун сапаты
-ишке болгон мамилеси
- эмгек тартиби

1.7 Төмөнкү кемчиликтер үчүн стимулдаштыруучу төлөмдөр кыскартылат:

- кызматтык нускамаларды сактабагндыгы үчүн
- ички тартип эрежелерин бузгандыгы үчүн
- санитардык- гигиеналык жана техникалык коопсуздук эрежелердин сакталбоосу
- жазуу жүзүндөгү даттануулардын болуусу

Эмгек тартибин бузуу жана кызматтык милдеттерин аткаруу анын ичинде:

-мектептин милдеттүү документтерин өз убагында толтурбоо
- мугалимдин сабакка кечигип келүүлөрү

- себепсиз сабагын өтпөй коюу
- сабакта жаңы ыкмаларды колдонбой өтүү
- пландалган тарбиялык иш- чараларга класс жетекчинин катышпай коюусу
- чейрек аягындагы отчеттордун , тарбиялык иштин анализи.
- журналдарды убагы менен толтуруу.
- окуу программалары , сабакта керектүү көрсөтмө куралдардын жоктугу
- ишембиликке келбөө
- иштеген ишине жоопкерчиликсиз мамиле жасоо.
- мектеп администрациясынын ишке байланыштуу буйругун аткарбай коюу.

1.8 Кызматтык милдетин аткарбоо , окуучулар жана ата- энелер менен чатакташууда жана жарандардан түшкөн арыздар көп катталса, стимулдаштыруучу каражат төлөнбөйт.

1.9 Бул жобо мектепте иштеген ар кызматкерге тиешелүү.

**2.0 Эксперттик комиссия жана анын курамы.:**

2.1Стимулдаштыруучу төлөмдөрдү бөлүштүрүүгө атайын эксперттик комиссия түзүлөт. Эксперттик комиссиянын курамында ОТИ боюнча директордун орун басары, профсоюз комитетинин төрайымы, эмгек жамааты тарабынан шайланган эмгек жамаатынын квалификациялуу өкүлдөрү кирет.Эксперттик комиссиянын төрагасы болуп мектеп директору саналат. Эксперттик комиссиянын билим берүү мекемесинин директорунун буйругу менен бекитилет.

2.2. Эксперттик комиссиянын компетенциясына төмөнкүлөр кирет:
- бекитилген критерийлерге ылайык мугалимдердин ишин өзүн- өзү анализдүү боюнча материалдарды кароо.
- ар бир кызматкер үчүн көрсөкүчтөргө ылайык эсептик баллдарды эсептөө
- кызматкерлердин аткарган ишин кароо менен туура баалоо.

2.3 Комиийсяга документтерди кабыл алуу ( көрсөтүлгөн маалыматтын эмгек сапатына ишенимдүүлүгүн тастыктаган документтерди тиркөө менен кызматкер толтурган баалоо баракчасын) кийинки отчеттук мезгил башталганга чейин 10 күн мурун жүргүзүлөт.

2.4 Берилген документтерди кароонун натыйжалары боюнча катышкан комиссиянын мүчөлөрү кол койгон ар бир кызматкерге баа баракчасы түзүлөт.

2.5 Ар бир кызматкер үчүн жалпы упайларынын санын көрсөткөн жыйынтыктоочу упайлар баракчасы кызматкерлер жамаатына билдирилет .

3. Мугалимдин кесиптик ишин баалоо боюнча апелляциялык арыз берүү тартиби:

3.1 Ийри-Суу негизги мектебинде эмгектенген кызматкер , баалоо баракчасы жарыяланган күндөн тарта үч күндүн ичинде өзүнүн ишмердүүлүгүнүн туура эмес бааланганды тууралуу макул эместигин билдирип, жазуу түрүндө арыз менен кайрылууга укуктуу.

3.2 Комиссия кызматкердин жүйөлүү арызын текшерүүгө жана текшерүүнүн натыйжалары боюнча арызданган кызматкерге толук жооп берүүгө милдеттүү.

3.3 Аппеляция берүү үчүн берилген 3 күндөн кийин , эсептик көрсөткүчтөр мектеп директору тарабынан бекитилет жана күчүнө кирет.